Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# ИСЛАМ СУФИЗМ (ТАСАВВУФ) ФИЛОСОФИЯНЫН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

**Док. Масиралиев. Ш. П.**
Ош МУнун теология факультетинин окутуучусу

**Аннотация**

Суфизм, присутствие Бога единства и единства вселенной формируется (Единство), описывающий религиозной и философской понимание. Суфизм как ситема мышление, после Ислама был основан арабами (Tekkелер , Завиелер,) название школ, а также ряд иранские и турецкие мыслительями были, разработанные использования древнегреческой мысли приняли форму теории. Суфизм, а также Бог, вселенная и человеческая видение, и люди с Богом в целом, люди с другими людьми, их отношения с людьми в поисках и описание всего пути определяется как Суфизм.

**Ключевые слова:** Духовный, эманатция, метафор, символ, суфизм.

**Abstract**

Sufism, the presence of God's unity and the unity of the universe formed (Unity), describing the religious and philosophical understanding. Sufism as a system thinking, after Islam was founded by the Arabs (Tekkeler, Zavieler,) the name of the school, as well as a number of Iranian and Turkish thinkers have developed the use of ancient Greek thought took the form of the theory. Sufism, as well as God, the universe and human vision, and people with God in general, people with other people, their relationships with people in the search for and description of the whole path is defined as Sufism.

**Key Words:** Sufism, Religion, Islamik Thought. Methapore.

Тасаввуф хижрий (ай календары) II- III- кылымдарда пайда болгон. Бирок мазмууну жана практикада колдонулушу адам пайда болгондон баштап ар кандай деңгелде ички дүйнөнүн чагылдырылышы катарында ар дайым жашап келген, Бирок адам жашаган кайсыл жерде болбосун аталышы кандай болсо болсун диндин рухий жаатка сунуштаган бир азыктын болгондугу чындык. Каала илахий, каала адам тарабынан ойлонулуп табылган дин болсун бардык диндердин мистикалык жагынын бар болуусу табиаттан бар экендигин далилдейт. Ислам илимдеринин арасында тасаввуфтун орду Аз. Пайгамбардын жашоосуна көз салуу менен түшүндүрүлөт. Аз. Пайгамбар жашоосу боюнча үч сапатты көрсөтүп берген. Мадинада, биринчи мамлекетинин башчысы саясий статусу экинчи диний статусун, үммөттүн динге байлйныштуу ар түрдүү суроолоруна жооп берген маселелердин чечимин чечүүчү эле. Айрыкча үчүнчү, моралдык статус руханий жактан адамдын жогорулоосун, өзүнүн жашоосу менен үлгү болгон моралдык

тарбия берген жол башчы катары көрөбүз. Пайгамбардан кийин саясаттан башка тармактарда аны таанышкандар бир киши менен чектелип калган жок. Ар түрдүү личносттор (Хулфаа Рашидиин) тарабынан жетектелип келген. Илимий жактан Укук, Келам, Тафсир жана Хадис сыяктуу түрдүүчө исламий илимдер пайда болгондо, пайгамбардын моралдык жашоосу да тасаввуф жана тарикаттар аты менен уюшулган абалда ортого чыккан жана моралдык боштук ушундай абалда толтурулду.Кыскача тасаввуф түшүнүккө токтоло турган болсок: Суфизм сөздүн унгусу турдүүчө маанилерде колдонулат.Арапчада1. Суф сөзү: Пайгамбар Мухаммедин(с.а.в) учурундагы Асхаабу Суффа аттуу диний окуу жайдын ичиндеги бөлмө.2 Чөлдө өскөн өсүмдүктүн атынан Суфане.3 Жашоо турмушун элдик кызматка атагандар Бенус Суфе.4 Филологиялык термин катарындагы сын сыпат.5 Баштын арка жагындагы желкедеги кыл маанисине келген Суффетул Кафа.6 Тазалыктын белгиси болгон Сафвет.7 Алдыңкы оорундан жер ээлеген Саффы Эввел.8 Грек тилиндеги София Акылмандык.9 Жүн маанисине келген Суф.

Суфизм термини түздөн түз Ислам динине тийешелүү болуп төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат.1 Элден узак саясатсыз руханий таза жашоо образы.2Эң жогорку этикалык маралдык көрсөткүч.3 Ички дүйнөнү арылоонун анализ синтезинин жалпылоонусу.4 Личностук эгоизмди жөнгө салуунун теорилык негизделүүсү жана практика аркылуу ишке ашырылуусу.5 Куран Керим ыйык китепке жана сүнөттү гана негизги белги деп эсептөө.6 Жаратканга толук өзүн баш ийдирүү менен ар дайым эстен чыгарбоо.7Ар бир кыймылда жаратканды сезүү.8 Ислам диндин турмушта ишке ашуусундагы руханий көрсөткүчү.9 Өзгөчө ички дүйнөөнү өнүктүрүүнүн деңгели.10 Суфисттерге гана тийешелүү деп эсептелген жараткан менен өзгөчө мамиленин жыйынтыгы.[1]

Эгерде аз.Пайгамбардын жашоосундагы моралдык тарабын кабыл кылсак, анын улантуучусу болгон тасаввуф илимин да исламдын сыртында эсептөөбүз мүмкүн эмес. Анын жашоосун изилдегенибизде, жашоосунун моралдык жактан толук кандуу экенине күбө болобуз. Аз. Пайгамбардын Аллах менен болгон байланышын чагылдырган намаз ибадаттарында, Аз. Пайгамбардын Аллага болгон урматын, сүйүүсүн, Алла менен бирге болуусунан келип, аруу сезимдин тереңдигин көрүүгө

[1] 4. Сулайман Улудаг, Тасаввуф Терминалогиялык Сөздүк, 316-317 .б.

болот. Мисалы: Куран моомундарды айтып жатканда, «Алар намаздарын аруулук менен окушат» деп айтат[1]. Фыкых китептеринде болсо аруулук деген шартка токтолбойт, жана бул жерде толуктоо маселеси оротого чыгат. Пайгамбарыбыздын адамдар менен болгон байланышындагы тереӊдик, ибадаттарындагы аруу сезими, дүйнөгө болгон көз- карашындагы ченем, башкача айтканда *зухд*, фыкых илими тарабынан жооптолбогндугуна жараша да бул боштукту толтуруучу системага муктаждык жаралды.

Умайаддар доорунда чек арасынын кеӊейиши жана өнүгүп- өсүүсүнүн жыйынтыгында адамдардын жетишкендик, жашоого, дүйнөгө берилип кетүүсү жана акыретти унутуулары, Аз. Пайгамбардын жашоосун билгендер мындай абалга каршы чыгууларына себеп болгон жана тасаввуфтун пайда болушуна таасирин тийгизген. Изилдөөнүн натыйжасында тасаввуфтун келип чыгышы айрым мусулмандардын Аз. Пайгамбардын жашоосун жана моралдык тарабынан үлгү алууну каалагандыктарынын натыйжасында пайда болгону билинет. II – III- кылымдарда өз алдынча илим катары пайда болгон тасаввуфтун маралдык *жана личностун руханий жогоруулосундагы категориялардын системасынын калыптануусу менен негизги белгилерине токтоло турган болсок*. Айрыкча Аллах, эч бир нерсе пайда бербеген кыямат күнүндө, бир гана жүрөгү таза болгондордун ишинин жеӊил боло тургандыгын айтат[2]. Дагы Аллахты көрүп тургандай кулдук кылуу маанисине келген ихсан сезиминин фазилети, мухажир (Аллахка көчкөндөр) жана ансарлар (жардам бергендер) фазилетинен кийин келет. Буларды реалдаштыруу да *тасаввуфтун ченеминин зарылдыгы болуп саналат*. Тасаввуфтун реалдашуу жагы, башкача айтканда түшүнүк жана пикир тарабы бар болгондуктан изилдөө обьектиси болуп эсептелет. Калам илими Куран жана Хадистердеги өкүмдөрдү акыл менен жоромолдоп, чечимди ортого койот.Тасаввуф илими «Такыбалык менен корккула, Аллага чын көӊүлдөн байлангыла, Аллах силерге жетиштүү»[3] деген аяттардын негизинде адамдын ибадат жана такыбалыгы жогорулаган сайын моралдык жактан ачылууга, ийгиликке жете тургандыгын жана маал – маалы менен бул адамдар көӊүл жана сезимдеринин жогорку деӊгээлге

[1] Момун, № 23, 1-2.
[2] Шуара, № 26, 88-89
[3] Ибрахим 14, 12. Бакара, 2, 14. Али Имран, 3, 102. Нур, 24, 52.

жетишүүсүнүн негизинде башкалардын биле албай турган маалыматтарга ээ болушун баяндайт. Кыскача айтканда тасаввуф тармагынын исламдагы Калам, Философия жана Ислам укугунан айырмаланып, диний тажрйба жасоо, жан дүйнөнү арутуу үчүн өзгөчө иштелип чыккан методдор башкача айтканда сейри сүлүк руханий арунуу үчүн психологиялык даярдыктан өтүү менен эң жогорку личностук көрсөткүч болгон камил инсан болуу менен адамдарга Кудайды таанытуу болуп эсептелет.

**Тасаввуф тармагынын исламдагы орду**

Тасввуф илимининин жана адистеринин жалпысынан Куран Керим борборду болууга аракеттенгенин көрөбүз. Тасаввуф илимин азирети Пайгамбардан кийинки мезгилге көз салганыбызда, маал- маалы менен зик – зак жолдорго жана методолоогиялык өзгөчөлүктөргө карай бөлүнгөн группалар пайда болсо да, негизинен Куран жана Сүннөттөн алынган жашоо стили, жашоо системасы катары баяндоого болот. Бирок бул ар бир тасввуф группаларынын туура жолдо экендиги жана иш аракеттери жүз пайыз туура дегендикке жатпайт. Жаңыдан карап чыгуулусу керек болгон маанилүү жерлери бар, бирок тасаввуфту исламдын бир бөлүгү катары таанууга мажбурбуз. Себеби ислам тасаввуфсуз даамсыз жана толук кандуу эмес бир жактуу болгондой сезим калтырат. Тасаввуф исламдын Аз. Пайгамбарга берген «ырайым» сезими болгону үчүн боорукердикти, сабырдыдуулукту жана сүйүүнү негизги орунга койгон мүнөзгө ээ.

Тасаввуфтун илимий планда маданиятыбызга кошкон салымын адамдарга таанытуу көздөлгөндө. Китепканаларыбыздагы эң көп китептин түрү тасаввуфка тиешелүү. Бул көрсөткүч тасаввуфка канчалык байланыш экенибизди айгинелейт.

Тасаввуфту бир гана зухд кыймыл аракети жана колунда теспе менен бир бурчта олтурган адам катары түшүнүү туура эмес. Негизинен жашоонун ар тарабын өз ичине камтыган мүнөзгө ээ. Мухаммад Хамидуллах мындай дейт. «Бүгүн Франциядагы мусулмандардын ислам менен таанышуусуна көбүнчө тасаввуф ээлери себепчи болгон. Мен ислам укукчусумун. Исламды башкаларга таанытууда жана түшүндүрүүдө өтө таасирдүүмүн деп айта албайм. Себеби адамдарга акыл жана теориялар негизиндеги түшүндүрмөлөрүм суфисстик жана дарвиштердин түшүндүргөнчөлүк болбойт..

Динге болгон кызыгуу, илимий маалыматтануудан анча эле алдыда. Бул кызыгуунун илимий маалымат менен

бышыкталуусунун жана маалыматташтыруу процессинде жалпысынан көбөйтүлүшүнө зарылдык бар.

**Тасаввуф философиясынын негизги маселелери.**

Тасаввуф кудайдын бир экендигин жана ааламдын бир бүтүн экендигин түшүндүрүп ачыктаган диний жана философиялык агым. Тасаввуф айрыкча кудай, аалам жана адамды бир бүтүндүк катары эсептеп жана адамды кудай менен адамдын башка адамдар менен, өзү - өзү менен болгон байланышын бул бүтүндүктүн ичинде изилдөө жана ачыктоо. Тасаввуф коомдук жашоосу менен кең бир түрдө жуурулушкан бир сезим, ой жана ишеним системасы катары да билинет. Бул уюмга бир гана Зат – кудай деп аталат. Тасаввуф философиясы исламды кабыл алгандан кийин арабдар тарабынан курулган алгачкы текке менен кошо ирандыктар жана түрк философтору тарабынан өсүп - өнүктүрүлгөн. Бул философия диний китептердин берген маалыматттары менен чектелбестен жаратылыштын жана ааламдын сырларындан да тереңирээк ой менен чечүүгө аракеттенген философия изилдөө жана сезим болуп саналат. Тасаввуф философиясы боюнча аалам жалгыз зат болуп саналат. Бул жалгыз зат кудай болуп саналат. Буга «Вахдет- и Вужууд ( же болбосо жалгыз зат)» деп да айтылат. Ислам тасаввуфу «кудайдан башка зат жок» шартын негиз кылат. Ошол эле убакта «Хусн- Мутлак (жалпы апсолюттук коздук)» жаратылыштагы сырды издөөдө пайда болгон. Бул шарт боюнча жаратылган бардык нерселер кудайдын бар экендигин таанытуу үчүн далилдер. Чындыкта бир зат, бир «Вужуд» бар. Ал да кудай. Бизге байкалган нерселердин бардыгы кудайдын кудретинин түрдүүчө көрүнүшү.

Тасаввуфчулар ар бир нерсе кудайдын кудретинин бир көрүнүшү, бир белгиси экендигин түшүндүрүү үчүн түрдүүчө окшотурууларды жасаган. Алардын ичинен эң кеңири тараганы күзгү мисалы. Бул окшоштурууга караганда кудай, карама – каршы коюлган, жок болгон күзгүдөн караган бир зат сыяктуу. Бул карама – каршы күзгүлөр ортодогу заттын миңдеген көрүнүшүн көрсөтөт. Ортодогу зат күзгүдөн четке чыкса күзгүлөр бош калат. Жалпы зат өзүнүн коздугун көрүү үчүн бир күзгүгө чагылышкан сыяктуу адамга (жоктук жана эч ким) чагылган. Ушундайча жоктун ичинде аалам болуп көрүнгөн. Бул философияга караганда ааламда көрүнгөн бардык нерсе бар болуунун, жок болуунун күзгүсүндөгү кыялдан башка эч нерсе

эмес. Мунун жыйынтыгы  катары адам да кудайдын кыялы өңдүү. Заттардын ичинде кудайга эң жакын кыял адам.

Бул түшүнүк боюнча аалам кудайдын кудретинин бир көрүнүшү. Бул аалам өзүнө - өзү бар болуусунун негизинде бар болбогон. Кудайдын «бол» деген буйругу менен ортого чыккан. Ошондуктан көрүнүштөн мурун сөз бар, «бол»[1] деген буйрук берилип, көрүнүш болбой туруп, анын алдынан бардык нерсе жок эле, бирок кудайдын чексиз түшүнүгүндө бар эле.Кудайдын өзүнө болгон сүйүүсүнүн негизинде ааламды жаратты. Ошондуктан сүйүү кудайга ылайыктуу болгон сыпат, өзгөчөлүк. Сүйүү кудайдын сыры көрүнгөн символу. Ошондуктан кудайдан коркуу же болбосо пайданы көздөө менен эмес, сүйүү менен, махаббат жакындашуу керек. Тасаввуф философясынын эң күчтүү, эң таасирдүү тарабы ушулар. Бул өзгөчө искуство жана адабиятта таасирдүү болгон.

Зат, сулуулук, жакшылыктар – булар кудайдын өзгөчөлүктөрү. Жоктук, жамандык, түрү суктук болсо кудайдын өзгөчөлүктөрүнүн билинүүсү үчүн жардамчы сапаттар. Себеби жоктук болбосо затты, түрү суктук, болбосо сулуулук, жамандык болбосо жакшылык билинбейт. Адамда бул сапаттардын баары бар. Адам өзүндөгү жокчулукту, түрү суктукту, жамандыкты жеңүүсү жана жок кылуусу керек. Ошондо гана бар болуу, сулуулук, жакшылык калат. Символикалык тил менен, кудайдын өзгөчөлүгүнө жетүү, кудайдын бар болуусуна кошулуу.

Тасаввуф ишениминде кыйыр жана түз маанидеги эки түрдөгү сүйүү бар. Өткүнчү, убактулуу, салыштырмалуу  адамга болгон сүйүү. Экинчиси чексиз жана акыйкатка болгон сүйү, башкача айтканда кудайга болгон сүйүү. Адам кудайга болгон сүйүүсүн каймана сүйүүсүндө тажрыйбалайт жана өсүп-өнүктүрөт. Себеби адам кудайга эң жакын тандалган зат. Адам дене жана рух эки элементтен  турат. Дене убактулуу, топурак, аба, суу жана от деген элементтерден пйда болгон жок болуучу, өлүүчү зат. Рух болсо өлүмсүз жана кудайдын бардык сапаттарына окшош, алып жүрөгөн сыяктуу. Кудайдан келген адам кайра кудайга барат. Бирок бул кайтыш кээ бир этаптарда ашып өтүү менен болот. Ошондуктан көңүл түшүнүгүн, өздөштүрүү, толук кандуу болуу жана агаруу шарт.

[1] Ясин, 36, 82.

Түшүнүк адамдын көңүлүндө кудайдын нур болуп билинүүсү. Толук кандуу калыптануу, адамдын өткүнчү заттардан өзүн бөлүп алып туруктуу багытталууну жасай билүүсү. Бул нерсеге адамдын барган жолдо алдыга жылуу деп да аталат. Бул алдыга жылуу руханий жактан көтөрүлүү, жогорулоо болуп саналат. Аз толук кандуулуктан толук кандуулукка эң толук кандуулукка, башкача айтканда кудайга эң жакшы кулдук дегендик. Жогорулоо эки түрдүү. Биринчиси өзүн бардык убактулуу турган нерселерден бөлүп алуу менен эле бирге ич дүйнөсүнө жамынып, дүйнөдөн кол жуу менен терең ойлорго батуу болсо, экинчиси маалыматтануу болуп саналат. Адам үчүн түшүнүк туура жолго, кудайга, өлүмсүз болгонго, жарыктанууга баруучу жолду көрсөткөн, жол башчы. Адам кудайга жетүүдө бир канча руханий тепкичтерди басып өтөт. Бул жогорулоо сапатын өтүү, ааламдын түрдүү катмарларын басып өтүү маанисин билдирет. Эң акыркы катмар жарыктанууга алып барат. Адам бул жарыктанууда өзүнө чагылдырат.

Тасаввуф илиминде адам напсисин жеңүү менен, башкача айтканда өзүмчүлдүктү өлтүрүп, жалпы затка «фенафилла» катмарына жетүүсү деп аталат. Бул адамдын өзүн жоктук элементинен куткарып, кудайды табуусу. Бул этапка жеткен адамдарга тасаввуф философиясында «инсану-л камил (толук кандуу адам)» деп аталат. Эл арасында жетилген делет.

Тасаввуф филсофиясы ислам өлкөлөрүндө илим, адабият, музыка, жана бийге өз таасирин тийгизген, өнүктүрүп - өстүргөн.

Ислам тасаввуф философиясы 7- кылымдан кийин жана 8- кылымдын башында кээ бир ислам философтору тарабынан жайыла баштаган.

Бул ой кийинчерээк 10- кылымда дагы да мааниге ээ болуу менен эле бирге жаңы жоромолдор менен терендетилген. Имам Газзали философияга динди байланыштырган акылды четке кагып, ишенимдин негизги принциптери катары алган көз карашы тасаввуф философиясына пайда келтирген. Чындыктын булагын ишенимден тапкан Имам Газзалинин көз карашы философияга караганда көбүрөөк тасаввуфка салымын кошкон.

XII кылымда Сенан, Аттар, андан мурун жашаган Халлаж-ы Мансур жана Жунейд Багдат, сымалдуу суфилер өз системаларын курушкан.

XIII кылымда Мухиддин Арабий, Баба Эфтал, Мевляна Жалаладдин Руми тасввуфка жаңы көз карашьарды калыптандырышкан. Мевляна Жалаладдин Руми тасаввуфтук көз

караш менен тарикатты бириктирди. Ойду (практикада колдонуу менен) башкача айтканда физиаклык таанып билүү менен метафизиканы синтездеп, Мавлевийлик тарикатынын негизин түзгөн. XII клымдын ортосуна чейин жашап келген теккерлер, аларга байланыштуу уюмдар XII кылымдын ортолорунан өтө тез темпте өнүгүп баштаган. Анадолуда Ажы Бекташ Вели, Бекташи тарикатын кургн.

Тасаввуф жалпысынан Мавлавийлик, Бекташийлик сыяктуу негизги тарикаттар Анадолуда тезинен жайыла баштады. 400гө жакын майда аталыштагы тарикаттар ортого чыккан. Ушундайча тасаввуф текке билим берүү сапатына эгедер болгон.

Улуу тасаввуф ойчулдары сезимдерин, ойлорун, жан ишенимдерин теккелерде дагы да ыр менен чагылдырган. Ушундайча таасирдүү жана оор тасаввуф адабияттар пайда болгон. Тасаввуф философиясы түшүнүктөрдү бир гана адабияттар менен жеткирбестен, андан башка музыка, бий сыяктуу искустволордон да пайдаланышкан.

Тасаввуф адабиятта өздөрүнө тиешелүү тил калыптандырышкан. Бир канча тасаввуфка тиешелүү терминдер, метафоралар, символикаларды пайдаланышкан. «Пир» сөзү тасаввуф тилинде тарикатты негиздеген тарикатка өз атын берген адамдарды айтабыз. Ал эми «шейх» деген сөз жол башчы деген мааниге келет. «Муг» сөзү тарикатка кирген дервиш, мурид деген «Пир- и Муган» сөзү менен тарикаттын «шейхи», «пири» түшүндүрөт. Майкана, текке түшүнүктөрү экөө тең чыныгы сүйүү маанисин берет. Тасаввуф тилиндеги бул терминдер, метафоралар, символикалар, жалгыз текке акындары да бул терминдерден пайдаланышкан.

Тасаввуф адабиятыбызга бул карашка байланган. Сезим жана ишенимин эң күчтүү, таасирдүү чагылдырган эң маанилүү, эң улуу акын Юнус Эмре болуп саналат. Юнус Эмре тасаввуф адабиятына гана эмес, түрк адабиятында да улуу акындардын бири.

Ааламдын башталышын изилдеген Платондун жообу тасаввуф философиясында аалам бир бытие. Жалгыз бытие кудай. Чексиз жана баштапкы болгон башкача айтканда чексизден келип, чексизге кеткен кудай убакыт жана жерден мурун бар болгон жана бар боло берет. Бул жалгыз бытие кудайга «Вужуду-л Мутлак» деп айтылат. «Вужуду-л Мутлак» же кудай бардык сулуулукту, жакшылыкты, толук кандуулукту өз ичине

камтыйт. Ошондуктан бир убакта «Жемал-и Мутлак», «Жус-и Мутлак», «Хайри-л Мутлак», «Кемал-и Мутлак» кудай башка өзүнүн ааламында өзүнүн сулуулугун көркөмү менен чөйрөсүнө нур чачыратат. Бирок бул сулуулукту көргөн эч ким жок эле. Сулуулук болсо көрүнүүнү каалайт. Кудай да көрүнүүнү, көрсөтүүнү каалады, күзгүгө караган сыяктуу. «Адеми-л Мутлакка» башкача айтканда жоктукка карады.»Кун» буйругун берди. Башкача айтканда «бол» дегенде аалам жаралды. Демек ааламдагы көрүнгөн бардык нерселер «Вужууди-л Мутлактын Адамга чагылуусу же аалам кудайдын жоктукка чагылган көрүнүшү. Андай болсо адамда да кудайдын көрүнүшүнүн бир бөлүгү – кудайдын бир бөлүгү. Кудай ал күзгүдөн жүзүн бурган учурд негизинен ал күзгү бир кыял ойлоп табылган бардык аалам жок болуп кетет. Башкача айтканда «Вужууду Мутлак» Адеми Мутлакка карабаган учурда бул кыял аламы көрүнүштүн күзгүдөн жок болуп кеткендей жок болуп кетет. Жалгыз кудай калат. Акылга мындай суроо келет. Дүйнөдөгү бардык сулуулук, жакшылык кудайдын көрүнүшү болсо жер жүзүндөгү көрүнгөн түрү сууктук, жамандык, кемчилик кантип пайда болду? Тасаввуф философтору мындай деп айтышат. «Ар бир нерсе өз өлчөмү менен жасалат. Дүйнөдөгү жалгыз бытиенин, кудайдын көрүнүшү, көрүнүүсү үчүн Адем-и Мутлакка карап, «Кун» буйругунун негизинде пайда болгон көрүнүштө Вужууд-у Мутлактын Адем-и Мутлактын, башкача айткнда жоктуктун изи жана өзгөчөлүктөрү болот. Демек ааламда, дүйнөдө, адамда бар болуу менен жоктук, чындык менен кыял,жакшылык менен жамандык, сулуулук менен көркөмсүздүк, толук кандуулук менен кемчилдик бирге болушат. Жамандык болбосо жакшылык түшүгнүлбөйт, билинбейт. Бирок жакшылык, сулуулук, жетишкендик сыяктуу сыпаттар акыйкат. Кудайдын сыпаттары чексиздик, чексизден келип чексизге кетишет. Жамандык, көркөмсүздүк, кемчилик сыяктуу сыпаттар жакшылыктын, сулуулуктун, толук кандуулуктун кудайдын сапаттарынын билинүүсү үчүн өткүнчү катары пайда болгон.

Бул жерде адамдын кантип жашашы керек деген маселе ортого чыгат. Адам бул өткүнчү ааламда, башкача айтканда өлүүмдүү дүйнөдө кантип жшашы керек? Ааламда, дүйнөдө, адамда туруктуу мүнөздөрү менен өткүнчү зат болгон мүнөздөрү менен биргеликте болгондугуна байланыштуу адам туруктуу мүнөздөргө бекем жармашып, өткүнчү мүнөздөрдөн оолак болуусу үчүн аракеттенүүсү керек. Туруктуу мүнөздөр жашап

жаткан учурда да кудайга жакындаштырат. Ал эми өткүнчү мүнөздөр болсо кудайдан узакташтырат. Кудай менен кулдарына тоскоол болот. Адамдын жер жүзүндөгү жамандктан, көркөмсүздүктөн, кемтиктиктен арылуусу, напсин жеңип чыгуусу, өзүмчүлдүгүн өлтүрүү менен өзүн кудайдын сүйүүсүнө арноо менен болот. Дүйнөдөгү өткүнчү мүнөздөрдөн арылбаган адан өзүн кудай сүйүүсүнө арнабаган адамдын, көктөн түшкөн китептерди окуса да, намазын кылса да кудайга жетүүсү мүмкүн эмес.

Бирок бул нерсе эч качан дүйнөгө маани бербөө маанисине келбейт. Дүйнө кудайдын көрүнүшү. Дүйнөдөгү сулуулуктар, жетишкендиктер, толук кандуулуктар, кереметтер кудайдын сапаттары. Аларда сүйүлүүсү керек. Адам дүйнөдө жашап жатып сүйүшү керек жана сүйүлүшү керек. Кудай сүйүүсүнө барган жолдо «Межааз-и Ашктын» же адамий сүйүүнүн да орду, мааниси бар. Бирок бул сүйүү менен көп алек болуу жолдун акырына барууну кечеңдетиши мүмкүн. Адамий сүйүү кудай сүйүүсүнө тезинен өтүп кетиши керек болгон көпүрө. Ал көпүрөдөн өткөндөн кийин жолчунун көздөрү ачылат. Кудайдын сүйүүсүнүн жарыгында чындыкка жетет. Андан кийин кайсыл жакка карабасын кудайдын сулуулугун көрөт. Ар тарабы кудай менен курчалган болот. Көздөрүн өзүнө бурса өзүндө да кудайды көрөт. Кудайдын бытиесине жеткен болот. Ушундайча адам «фенафиллахтан «бекабиллах» даражасына жеткен болот. Андан ары жагы жок.

Адам кудай жолунда тарикатка мүчө болгондон кийин кыймыл – аракети менен түрдүүчө мартабаларды басып өтөт. Хазараты хамс деп аталган бул мартабалардын (Хазрет-и Гайби Мутлак, Алем-и Жеберуд, Алем-и Межуд, Амал-и шахадет Алем-и инсани камил) акыркы бардык мартабаларды да өз ичине камтыйт. Тсаввуф философиясында адамга берилген маани инсани Камил чегине барат. Бул мартаба кудай менен бир болуунун, фенафиллах, бекабиллах даражасына жеткирет.Метафизикалык түшүнүк катарында, жашап жатып кудай бытиесине жетүү кудай менен бир болгон айрым суфийлер бул абалды түшүндүрүү үчүн «Ана-л Хакк» (мен кудаймын) деп айтышкан. Мазхабтар кагылышуусунда Сунний- Шиий кагылышуусунда ушул сөздү деп өлүп кеткен, тасаввуф аалымдары бар.

Тасаввуф философиясында адамга берилген маанисин түшүнүү үчүн Девир курамындан сөз кылуу керек.

Бул кайтуу теориясы да бытиелер Алем-и Гайбдан Алем-и Шухутка түшкөндө жоктук ааламаынын бытие ааламына түшкөндө башта жансыз зат кийин өсүмдүк, андан кийин жаныбар, кийин адам формасында көрүнүшөт. Зат адам мартабасына жогорулаганда даража – даража жогорулап олтуруп Инсани Камил болот жана чындыкты билүү сезими жашайт. Ошентип ал кудайга жетет. Алем-и Гайбдан Алем-и Шухудка түшүү Сейр- и Нүзүл деп аталат. Жансыз заттан жогорулап олтуруп кудайга жетүү болсо Сейр-и Уруч деп аталт. Бул түшүү, жогорулоого, кудайга түшүп, кудайга жетүү (devir) Кайтуу деп аталат.

Көргөнүбүздөй адам тасаввуф философиясында маанилүү орунду ээлейт. Кудай эң көп адамда аныкталган, адамда концентрацияланган. Адам ааламдын эркеси, эң баалуу бытиеси. Ар бир айырмачылыксыз бардык адамдар бирдей баалуулукка ээ. Дин, мазхаб, түс, улут, байлыктан айырмаланышы мүмкүн эмес. Жалгыз кудай жолундагы даражаларынан улам зат да улуу болуусу мүмкүн. Улуу мартабалары менен айырмаланышы мүмкүн.

Акылга мындайча суроо келет. «Сүйүүгө, махаббатка, көңүлгө байланууга таянган философияда эмне үчүн кудай мнен адамдын ортосуна бир канча башка адамдарды жана дин адамдарын ортого салат» деген. Тасаввуф философиясында адам өзүнүн адамдык иш – аракети менен өткүнчү сапаттардан арылмайынча кудайга жете албайт жол башчыга Муршид- и Камилге байланууга муктаж. Башкача айтканда тарикатка мүчө болот, катуу шарттарды аткарат. Тарикатка кирүүнүн өзүнүн шаан – шөкөтү бар. Шарттарды аткарбагандар «чектөө» жазасы менен жазаландырылат, кыска убакытка узакташтырылган болот.

Кудайга жетүү үчүн, баруучу жолдор түрдүүчө түшүнүктөрдүн айырмачылыгын түрдүүчө тарикаттар пайда болгон. Тарик сөзү арабчада «жол» дегенди туюндурат, бирок төмөндөгүдөй жолду көрсөтүшөт. Дервиштер аркылуу маалымат жаюуга аракеттенишет. Бул кыскача жыйынтыктан тасаввуф жалгыз гана философия эмес ошол эле убакта жашоо образы.

**Summary**

Sufism, Islam with the first single after Tekke established by the Arabs, Persians and Turks developed by thinkers, took the form of a theory of his own ancient Greek thought.This idea of religious books by having the information given, the creation of a philosophy and working to solve a broader idea of the universe's secrets, research and

feelings flow. According to his philosophy, the universe is a single entity. It is only the presence of God. This "body-it absolute" absolute existence is also called. Islamic Sufism, "There is no God other than being" based on the rules. It also "Husn-i absolute" which is an absolute beauty. All were created by the search for the secret of Creation, born to promote this theory is the existence of God. In fact, the existence of a "body" is. He is God. We see what are the various aspects of the existence of God. Sufis are a manifestation of God everything look have made various metaphors to describe it is a symptom. The most common examples of these mirrors. According to this parable, God is like a mirror the presence of ministers from the absence of mutual insured. This mutual mirrors, gives thousands of images of middle entity. If you get out of being in the middle of the mirror, the mirror remains empty. Body-i absolute absolute existence is reflected in a mirror to see their beauty as Adam nothingness and absenceis reflected

Thus, the universe is manifested in the absence appeared. According to this philosophy, everything is seen in the world, is nothing more than imaginary mirror in the presence of absence. As a result, the man is a dream of God. Assets in the human imagination is the closest to God.

In the universe, the world, with a permanent presence in human nature, as they had found temporary existence with nature, people should try to purify hugged the permanent nature of a temporary nature. Permanent qualities, while living in her closer to God, and removes the temporary nature of her God, enters between the worshipers and God. Earth from evil people, the ugliness, the removal of rawness, self-defeating and killing the soul, not provided itself with the divine love. Non-removal of the temporary nature of the world, love to give himself a divine one, descending from heaven with all the books in Read it, while fulfilling the prayer of the petition, it is impossible to reach God.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Йылмаз. Х. Камил, Тасаввуф жана Тарикаттар.
2. Ебу Наср Серраж Туси, Ал- Лума, которгон, Йылмаз. Х. Камил.
3. Кушейри, Рисала, которгон, Сулайман Улудаг.
4. Сулайман Улудаг, Тасаввуф Терминалогиялык Сөздүк.
5. H.HOKELEKLI Din Psikolojoisi, T.D.V Yayınları, Ankara,2001